**Кыргызстан Эл аралык университетинин, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жана К. Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин алдында түзүлгөн Д 12. 20. 614 юридика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын берүү үчүн түзүлгөн Диссертациялык Кеңешинин эксперттик комиссиясынын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган Ахматова Назира Искандарбековнанын «Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин бекемделиши мезгилиндеги саясий – укуктук режим» аттуу темасындагы диссертациясына**

## КОРУТУНДУСУ

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, К.Токтомаматов атындагы Эл аралык университети жана Кыргызстан Эл аралык университетинин алдындагы Д 12.20.614 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын төрагасы – юридика илимдеринин доктору, профессор Асаналиев Тилек Асаналиевич (12.00.01), изденүүчү Ахматова Назира Искандарбекованын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган «Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин бекемделиши мезгилиндеги саясий – укуктук режим» темасындагы кандидаттык диссертациясын карап чыгып, төмөнкү корутундуга келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияны жактоого алуу үчүн берилген укук боюнча эмгектин адистикке дал келүүсү.**

Ахматова Назира Искандарбекованын «Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин бекемделиши мезгилиндеги саясий – укуктук режим» темасындагы көрсөтүлгөн кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине дал келет.

Эмгекте Кыргызстандагы мамлекеттик бийликтин саясий-укуктук режими жана туруктaлуусу, бекемделүүшү, тактап айтканда, соттор, прокуратура, өзгөчө органдардын саясий-укуктук директивалары жана актылары аркылуу, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдары менен укуктук өз ара аракеттенүү механизминин ишмердүүлүгүнүн теориясы, тарыхы, тажрыйбасынын маңызынын изилденүүсү чагылдырылып, 12.00.01 –

ВХОДЯЩИЙ №: 116
«22» 11 2021 г.

укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигинин паспортуна жооп берет.

Изилдөөнүн максаты болуп каралып жаткан убактагы совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы саясий-укуктук режимдин өнүгүү жана турукталуу концепциясы жана укук коргоо органдарынын ролу азыркы Кыргызстандын саясий системасынын андан ары өнүгүүсүн изилдөө, азыркы бийликтин режимин бекемдөөдө актуалдуу, бул мамлекеттин ичинде жана сыртында болуп жаткан саясий процесстерди терең түшүнүп кароого жана топтолгон тажрыйбадан зарыл сабактарды алып, аларды реформаларды өткөрүүдө пайдаланууга мүмкүнчүлүк берген укуктук аныктоо.

Көрсөтүлгөн максатка жетүү үчүн диссертациялык изилдөөнүн төмөнкү негизги милдеттери коюлган:

- Мамлекеттик бийликтин, тактап айтканда, укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүн түзүү жана уюштуруу процессин азыркы убактын позициясы менен терең изилдөө, ошол мезгил жөнүндөгү илимий көз караштарды кеңейтет, бийликти бекемдөөдөгү алардын ролун түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет;
- Ар бир системанын жашоосун анын турукталуусунун жана бекемделүүсүнүн режиминде изилдөө зарыл, мындай ыкма бул теманы изилдөөдө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү берди;
- Каралып жаткан маселелерди комплекстүү изилдөө илимий чөйрөгө, мурун жарык көрбөгөн булактарды киргизүүгө, Кыргызстандын укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүнө карата мурунку турукталып калган жоболорду кайрадан жаңы көз караш менен кароого жана ошол позициядан зарыл болгон жалпылоолорду жана жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет;
- Функционирования режими категориясын киргизүү укуктук мамлекетти жана укук коргоо органдарын курууну изилдеп жана андан зарыл болгон саясий-укуктук сабактарды алууга мүмкүнчүлүк берет;
- Кыргызстандагы мамлекеттик аппараттын бөлүктөрүнүн түзүлүүсүнүн жана жашап кетишинин саясий-укуктук, экономикалык, маданий-улуттук шарттары аныкталды, тактап айтканда, саясий-укуктук режимдин бекемделүү убагындагы түзүлгөн укук коргоо органдары;
- Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн негизин түзүүнүн ошол кездеги тарыхый татаал шарттарындагы саясий-укуктук режимдин бөлүгү болгон мыйзамдуулуктун жана укук тартиптин режимин бекемдөөдө сот бийлигинин, прокуратура, милмция жана өзгөчө кырдаалдардагы органдар

чоү ролду ойногон, алар азыркы Кыргызстандын саясий жана укуктук системасынын пайдубалын түзгөн;

- Мамлекеттик бийликти бекемдөө убагындагы Кыргызстандын саясий-укуктук режиминин концепциясында, ошол мезгилге мүнөздүү болгон позитивдүү жана негативдүү жактары, процесстер аныкталды, алар контрреволюцияга, басмачылыкка жана башка укук бузууларга каршы кескин укуктук чараларды кабыл алууну негиздеген;
- Каралып жаткан убактагы милиция органдарынын укуктук статусунун негизги параметрлерин жана укуктук режимин аныктоого мүнөздөмө берилген;
- РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз АО түзүлгөндөн кийинки милиция, сот жана прокуратура органдарынын ролу жана мааниси ачылып берилген, бул кыргыз мамлекеттүлүгүнүн турукталуусунун, саясий укуктук режимин бекемдөөнүн татаал шарттарындагы биринчи этабы болгон.

Диалектикалык өз ара байланыштарынын мүнөздөмосүн аныктоого багытталган мамлекеттик бийлик органдарынын жана укук коргоо органдарынын өз ара мамилелери, мамлекеттин укуктук саясатынын изилдөөнүн объектиси болуп эсептелет.

Кыргызстандагы мамлекеттик бийликтин саясий-укуктук режими жана турукталуу, бекемделүү шарттары түзөт, тактап айтканда, соттор, прокуратура, өзгөчө органдардын саясий-укуктук директивалары жана актлары аркылуу, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдары менен укуктук өз ара аракеттенүү механизминин ишмердүүлүгү диссертациялык изилдөөнүн предмети болуп эсептелет.

Автор тарабынан колдонулган илимий таануунун жалпы жана жеке методдорунун комплекси изилдөөнүн методдорун түздү. Коюлган максаттардын жана маселелердин чечилүүсүн эске алуу менен автордун алдында болгон көйгөйлүү маселелердин ар тараптуу жана толук изилденүүнүн зарылдыгы менен колдонулган методдордун комплекстүүлүгү аныкталган.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз эли өзүнүн эркин демократиялык өнүгүүсүн укукка негизделген жетишкендик жана мамлекеттик түзүлүш механизмдери менен биргеликте көрсөтө алган. Укук коргоочулук ишмердикти ишке ашырган органдардын иштешинин демократиялык режимин бекемдөөдө комплекстүү изилдөөлөр буга чейинки алган тажрыйбаларды эске алуу менен мамлекеттик бийликти бекемдөөдөгү алардын ролун ар тараптуу иликтөө менен байланышы үчүн зарыл,

мамлекеттик аппараттык ретспективдүү өсүшү, ошондой эле Кыргызстандын атайын шарттарында укук коргоо органдары үчүн да маанилүү.

Теориялык саясий-укуктук режимдин ролун теориялык жактан ойлонуштуруу, анын калыптандырууга болгон түздөн-түз таасири, мамлекеттик бийликтин орношу жана онүгүшү укук коргоо органдарынын мындагы ролу коомдун өз алдынчалуулугун жана кыргыз элинин укугун чагылдырат. Анын башкы шарты – укуктук мамлекеттин түзүлүшү, мыйзамдардын ишенимдүү жана кепилденген системасы, республикада мыйзамдуулукту жана укуктук тартипти камсыздоо.

Мунун башкы күчүнөн коомдук онүгүүнүн ар түрдүү этаптарында укук коргоо органдарын үйрөнүү боюнча юридикалык илимдердин мааниси, конкреттешет, ал укук коргоо органдарынын ишин түзүү жана өркүндөтүү боюнча өткөрүлгөн чараларды ар тараптуу ачууга, айрыкча Советтер бийлигинин алгачкы жылдарында башкаруунун формаларын жана методдорун кайрадан карап чыгууга жана талдоого өбөлгө болот.

Белгилеп кетчү нерсе, Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин орношундагы көптөгөн кыйынчылыктар революциянын идеяларын кабыл алууга калктын ар түрдүү катмарларынын иш жүзүндө даяр эместиги менен, андан мамлекеттик-укуктук режимди чындоого өтүшү менен түшүндүрүлөт, мында тийиштүү жоболор түзүлгөн ВЧК органдарына, юстицияга, сотторго, революциялык трибуналдарга, соттук тергөөчүлөргө, милицияга, прокуратурага жана башка репрессиялык-жазалоочу бөлүмдөргө бөлүнгон.

Мындан улам, тарыхый планда укук коргоо органдарынын маңызын иликтеп жана аныктоо зарыл, анткени алардын астында төмөнкүлөр турган: юстиция органдары, прокуратура, сот акыйкаттыгын жүргүзгөн органдар, ички коопсуздуктун укук коргоо органдары (ИИМ, ички армия), тышкы коопсуздуктун укук коргоо органдары (УКМК), атайын кызматтар, адвокатура, кайтаруу бөлүмдөрү, нотариат жана башка түзүмдор.

Жогоруда белгиленген жыйындысында тандалган теманын актуалдуулугун жана социалдык маанилүүлүгүн аныктайт.

**3. Илимий жыйынтыктар.** Эмгекте жыйындысы теориялык илимге маанилүү болгон төмөнкү жаңы илимий негизделген теоретикалык жыйынтыктар сунушталган:

**1-жыйынтык.**Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы Кыргызстандын аймагындагы саясий-укуктук режимди жана мамлекеттик-укуктук жөнгө салууну бекемдөөдөгү мамлекеттик аппараттын жана укук коргоо органдарынын ролун аныктоо.

**2-жыйынтык.**Мамлекеттин функцияларын ишке ашыруу менен шартталган мамлекеттин ар кандай формаларын жана анын элементтерин изилдөө, мамлекеттик бийликтин укуктук саясий элементин түзүүнүн мамлекеттик укуктук методдорун комплекстүү изилдөө зарылчылыгы. Укуктук саясатта укук коргоо системасынын бардык милдеттери топтолгон, алар укуктук идеология катары берилет, б.а. укуктук көз караштар, принциптер, коомдун талаптары о.э. ар кандай социалдык топтор. Саясий-укуктук режимди бекемдөөдөгү укук коргоо ишмердүүлүгүнүн ролун түшүнүүнү изилдөө төмөнкү менен аныкталат, мамлекет өзү коомдун саясий системасынын түзүмдүк бөлүгү жана укуктук саясаттын субъектиси катары каралышы керек.

**3-жыйынтык.**Мамлекеттик-укуктук саясатты жана анын саясий-укуктук режимди бекемдөөдөгү ролун талдоо совет бийлиги тарабынан мыйзамды бекемдөө жана укукту коргоо аркылуу камсыз болгон, каралып жаткан мезгилдеги шарттарда чарбалык маселелерди чечүүдө жарандык, эмгек мамилелер чөйрөсүндө мажбурлоо ыкмаларын колдонуу, кылмыш-жаза укугу менен куугунтуктоо, жеке жашоого кийлигишүү жана таптык кызыкчылыктардын үстөмдүк кылуусу менен мүнөздөлгөн.

**4-жыйынтык.**Совет бийлигинин алгачкы жылдарында колдонулган көпчүлүк акттар саясий мүнөздө болгон жана реввоенсоветтердин декреттери, токтомдору, жоболору жана буйруктары деп аталган. Андан кийин жаңы мыйзамдарды иштеп чыгуу юстиция кызматкерлеринин атайын съездеринде ишке ашырылган, анда бул укуктук актыларды кабыл алууда революциялык мыйзамдуулуктун формасы болгон революциялык аң-сезим, революциялык максаттулук менен жетектелишкен.

**5-жыйынтык.**Жарандык согуш жана социализмдин негизин куруу убагындагы Совет укук коргоо органдарынын өнүгүүсү жана алардын укуктук абалы пролетариаттын диктатурасы жөнүндөгү лениндик концепциядан келип чыккан. Революциядан кийинки алгачкы убактарда укук коргоо органдары укук коргоо ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салуу, багыттарынын принциптерин аныктоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон эмес. Укуктук бекемдөөсү жок болгон революциялык принциптер гана байкалган. Укуктук режимди түзүүдө жана укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүн уюштурууда негизги ролду кээ бир совет бийлик органдарынын актылары жана нормативдери түзгөн: ВЦИК, СНК, НКВД, НКЮ.

**6-жыйынтык.**Жарандык согуш убагында тергөөнү жүргүзүү укугуна сот органдары ээ болгон, бул болсо тергөөнүн жана соттордун бөлүнүү принцибин бузган. Мындан ары дээрлик бардык укук коргоо органдары

өздөрүнүн ишмердүүлүгүн прокуратуранын көзөмөлүндө ишке ашырышкан. Керектүү укуктук регламентациянын жок болушу сот органдарынын коп түрүн туудурду: революциялык трибуналдар, элдик соттор, келишим соттор, административдик соттор. Бул соттордун бардыгы толугу менен борборго баш ийген соттор жөнүндө декреттердин ишке ашуусунун жыйынтыгында пайда болгон. Бул жерден бийликтин диктатурасынын өнүгүүсүнүн негизи байкалат.

**7-жыйынтык.**Өзгөчө жарандык согуш убагында революциялык трибуналар Совет бийлигин коргоо аспабы катары түзүлгөн. Бул мезгилде ревтрибуналдардын, алдын ала тергөөнүн процессуалдык нормаларынын көп бузулушу болуп жаткан, жарандык согуш убагындагы өзгөчө шарттарга ыңгайлашуу процесстери болуп жаткан. Кийин жарандык согуш шарттарындагы репрессивдүү атайын сот органдарынан трибуналдар, сот акыйкаттулугун ишке ашыруучу атайын аскер-соттук органдарга айланган.

**8-жыйынтык.**Жаңы тарыхый шарттарда революциялык мыйзамдуулукту бекемдөө үчүн совет бийлигинин бардык мыйзамдарын так сактоону көзөмөлдөгөн атайын органды түзүү зарылчылыгы пайда болду, б.а. прокуратураны, ал жерде айыптоо, көзөмөлдөө кийин тергөө функциялары да топтолгон.

**9-жыйынтык.** ВЧК анын түзүлүш мезгилинен баштап эле төмөндөгүдөй, контрреволюциялык чыгуулар, саботаж, мамлекеттик бийликке каршы чыгуу сыяктуу мамлекеттик кылмыш чөйрөсүндө өзгөчө чектелбеген укутарга ээ болгон. ВЧК мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылган орган болуп калган. ВЧК органдары чоң мамлекеттин бардык жарандык жана аскердик мекемелердин түзүмдөрүн көзөмөлдөп турган, партия органдарынын макулдугу жана өздөрү билип камоолорду, тергөө жүргүзүүнү, өкүм чыгарууну жана аларды ишке ашырууну, массалык атууларды аткарып турган.

**4. Ар бир жыйынтыктын негиздүүлүгүнүн жана ишенимдүүлүгүнүн жана изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын жаңылыгынын даражасы.**

Изилдөнүн ишенимдүүлүгү анын методологиясы менен камсыз болгон. диссертациялык изилдөө мыйзамчыгаруучулук жана башка нормативдик материалдардын кеңири тобунун жана укук колдонуучулук тажрыйбасынын изилденүүсүнө негизделет. Изилдөө процессинде автор тарабынан жазык укугу, криминология, криминалистика, жазык процесси боюнча ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын эмгектери колдонулган.

**1-жыйынтык.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени бул жыйынтык илимий адабияттардын талдануусунун жыйынтыгында алынган.

**2-жыйынтык.** Негизделген жана ишенимдүү, себеби биринчи булактардын жана илимий адабияттардын кеңири тобунун талдануусунун жыйынтыгында алынган.

**3-жыйынтык.** Негиздүү жана ишенимдүү, анткени илимий адабияттардын жана тарыхый талдоо ишмердүүлүгүнүн талдануусунун жыйынтыгында алынган.

**4-жыйынтык.** Негиздүү жана ишенимдүү, анткени критикалык талдоонун жана түрдүү ойлорду жана көз караштарды салыштыруунун терең талдоосунун жыйынтыгында алынган.

**5-жыйынтык.** Негиздүү жана ишенимдүү болуп эсептелет, анткени мамлекеттин жана укуктун теориясынын нормаларынын анализинин негизинен пайда болуусуна таасирин тийгизген факторлорду аныктоонун зарылдыгы менен шартталган.

**6-жыйынтык.** Негизделген жана ишенимдүү, себеби илимий, теоретикалык жана тажрыйбалык материалдардын негизинде чыккан.

**7-жыйынтык.** Негиздүү жана ишенимдүү, анткени укук колдонуучулук тажрыйбанын изилденүүсүнүн, укуктук базанын терең талдоонун жыйынтыгында алынган.

**8-жыйынтык.** Негизделген жана ишенимдүү, себеби теоретикалык жана тажрыйбалык материалдарды терең талдоосунун жыйынтыгында алынган.

**9-жыйынтык.** Негиздүү жана ишенимдүү, анткени укук колдонуучулук тажрыйбанын изилденүүсүнүн терең талдануусунун жыйынтыгында алынган.

**5. Диссертацияда изденүүчү тарабынан иштелип чыккан ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), тыянактардын жана корутундунун жаңылык даражасы.**

**1-жыйынтык.**Салыштырмалуу жаңы болуп эсептелет, анткени биринчи булактарды жана илимий изилдөөлөрдү изилдөөнүн негизинде иштелген, себеби аларда мамлекеттик аппараттын жана укук коргоо органдарынын ролун аныктоо каралган.

**2-жыйынтык.**Жаңы болуп саналат, анткени саясий-укуктук режимди бекемдөөдөгү укук коргоо ишмердүүлүгүнүн ролун түшүнүүнү изилдөө

төмөнкүлөр менен аныктап, мамлекет өзү коомдун саясий системасынын түзүмдүк бөлүгү жана укуктук саясаттын субъектиси катары каралышын аныктайт.

**3-жыйынтык.**Салыштырмалуу жаңы болуп эсептелет. Авторсаясий-укуктук режимди бекемдөөдөгү ролун талдоодо совет бийлиги тарабынан мыйзамды бекемдөө жана укукту коргоо аркылуу камсыз болгон, каралып жаткан мезгилдеги шарттарда чарбалык маселелерди чечүүдө жарандык, эмгек мамилелер чөйрөсүндө мажбурлоо ыкмаларын колдонуу, кылмыш-жаза укугу менен куугунтуктоо, жеке жашоого кийлигишүү жана таптык кызыкчылыктардын үстөмдүк кылуусу менен мүнөздөлгөн.

**4-жыйынтык.**Салыштырмалуу жаңы болуп саналат, себеби совет бийлигинин алгачкы жылдарында колдонулган көпчүлүк акттар саясий мүнөздө болгон деп негизделген.

**5-жыйынтык.**Жаңы деп эсептелет, анткени совет бийлигинин укук коргоо органдарынын өнүгүүсү жана алардын укуктук абалы пролетариаттын диктатурасы, Лениндик концепциядан келип чыккан деген теоретикалык негиз диссертациялык деңгээлде талданган.

**6-жыйынтык.**Жаңы болуп саналат, себеби совет сотторунун өзгөчө айрымачылыгы болуп, сот органдарынын коп түрүн туудурду: революциялык трибуналдар, элдик соттор, келишим соттор, административдик соттор деген талдануусу диссертациялык деңгээлде жүргүзүлгөн.

**7-жыйынтык.**Жаңы болуп эсептелет, анткени укук колдонуучулук тажрыйбанын изилденүүсүнүн жыйынтыгынан келип чыккан.

**8-жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы болуп эсептелет, анткени укук колдонуучулук тажрыйбанын изилденүүсүнүн жыйынтыгынан келип чыккан.

**9-жыйынтык.** Жаңы болуп саналат, себеби совет доорундагы ВЧК органдары чоң мамлекеттин бардык жарандык жана аскердик мекемелердин

түзүмдөрүн көзөмөлдөп турган деген  талдануусу диссертациялык деңгээлде жүргүзүлгөн.

**6. Тийиштүү актуалдуу көйгөйлөрдү, теоретикалык жана колдонмо маселелерди чечүүгө алынган жыйынтыктардын ички биримдигин жана багытталгандыгын баалоо.**

Н. И. Ахматованын «Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин бекемделиши мезгилиндеги саясий - укуктук режим» темасындагы көрсөтүлгөн кандидаттык диссертациясынын жоболору коюлган көйгөйлөрдүн изилденүүсүнүн логикасы менен бириктирилген. Алынган жыйынтыктар өз ара байланышкан, практикалык сунуштамалар текшерилген теоретикалык жоболордун негизинде курулган. Диссертация автордун юридикалык илимге жеке салымын тастыктаган ички биримдикке ээ болгон бул көйгөй боюнча бир катар жаңы илимий жыйынтыктарды жана жоболорду камтыйт. Бар болгон көйгөйлөрдүн чечилүүсүнүн сунушталган жаңы ыкмалары жетиштүү түрдө аргументтелген жана белгилүү болгон чечимдер менен критикалык түрдө бааланган.

**7. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин бекемделиши мезгилиндеги саясий - укуктук режимдин натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган тыянактардагы жана практикалык сунуштамалардагы камтылган жыйынтыктар менен аныкталат.

Диссертациялык изилдөөдө сунушталган теоретикалык жоболор жана илимий сунуштамалар каралып жаткан укук боюнча андан аркы илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, жана лекцияларды окууда окуу процессинде колдонулуусу мүмкүн.

Жогоруда аталган илимий жыйынтыктар Н. И. Ахматованын кандидаттык диссертациясында алынып, ишке ашырылган.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана тыянактарынын жарыкка чыгарылуусун тастыктоо.**

Диссертациянын мазмуну төмөнкү автордун публикацияларында чагылдырылган:

1.Ахматова, Н. И. К истории вопроса о деятельности чрезвычайных органов власти - революционных трибуналов. [Текст] / Ахматова, Н. И. – //Наука и новые технологии, 2015. №7. Б.50-54.

2.Ахматова, Н. И. Особенности правового режима деятельности чрезвычайных органов власти. [Текст] / Ахматова, Н. И., Адамбекова, А. Д. – //Наука и новые технологии, 2015. №7. Б.57-61.

3. Ахматова, Н. И. Ретроспективный анализ формирования политико-правового режима деятельности государственных органов. [Текст] / Ахматова, Н. И. – // Известия Вузов. 2016. №6. Б.137-140.

4. Ахматова, Н. И. Основы укрепления политико-правового режима деятельности государственных органов Кыргызстана. [Текст] / Ахматова, Н. И., Адамбекова, А. Д. – // Известия Вузов. 2016. №6. Б.144-147.

5. Ахматова, Н. И. Роль органов милиции Кыргызстана в укреплении правового режима государства. [Текст] / Ахматова, Н. И. – // Аллея науки. 2018. №2(18). Б. 588-594.

6. Ахматова, Н. И. Становление органов госбезопасности в период укрепления политико-правового режима кыргызской государственности. [Текст] / Ахматова, Н. И. – // Аллея науки. 2018. №2(18). Б. 612-618.

7. Ахматова, Н. И. Мыйзамдуулукту жана укук тартипти бекемдөөдөгү советтик сот органдарынын ролу. [Текст] / Ахматова, Н. И. – // Вестник Академии МВД КР.2018.№1. Б. 31-34.

8. Ахматова, Н. И. Кыргызстанда саясий-укуктук режимди түзүүдө прокуратуранын ролу. [Текст] / Ахматова, Н. И. – // Вестник Академии МВД КР.2018.№1. Б. 179-183.

9. Ахматова, Н.И. Совершенствование правовой базы как укрепление функционирования государственных органов. [Текст] / Ахматова Н.И., Матисакова З.У. //Евразийское научное объединение. 2021. - №6 (76). - С. 208-209.

10. Ахматова, Н.И. Правоохранительные органы и усиление правового режима государства [Текст] / Ахматова Н.И., Матисакова З.У. //Евразийское научное объединение. 2021. - №6 (76). - С. 210-211.

**9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келүүсү.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана маселелерине дал келет. Автореферат бирдей мазмундагы кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмеге ээ.

**10. Жетектөөчү уюмдун, расмий оппоненттердин бекитилүүсү тууралуу сунуштардын негиздүүлүгү.**

Диссертациялык кецештин комиссиясы кандидаттык диссертация боюнча буларды аныктоону сунуштайт:

**Расмий оппоненттери катары:**

1. **Кулдышева Гүлсара Кенжеевна –** изилдөө көйгөйлөрүнө жакын болгон эмгектерге ээ болгон юридика илимдеринин доктору, доцент (авторефераттын адистиги – 12.00.01).

2. **Абдикерим кызы Гүлбарчын** - изилдөө көйгөйлөрүнө жакын болгон эмгектерге ээ болгон юридика илимдеринин кандидаты, доцент (авторефераттын адистиги – 12.00.01).

**Жетектөөчү уюм катары:** Кыргызстан-Россия славян университетинин мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасын.

Юридика илимдеринин доктору, профессор Асаналиев Тилек Асаналиевич (12.00.01), диссертациялык кецештин эксперттик комиссиясынын торагасы болуп, берилген документтерди карап чыгып, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, К.Токтомаматов атындагы Эл аралык университети жана Кыргызстан Эл аралык университетинин алдындагы Д.12.20.614 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган Ахматова Назира Искандарбековнанын «Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин бекемделиши мезгилиндеги саясий – укуктук режим» темасындагы диссератацiясын кабыл алууну сунуштайт.

**Эксперттик комиссиянын төрагасы:**

**Юридика илимдеринин доктору, профессор Т. А. Асаналиев**

21.11.2021

***ю.и.д., профессор*** **Т. А. Асаналиевдин** ***колун тастыктаймын:***

Диссертациялык кеңештин
Окумуштуу катчысы
юридика илимдеринин кандидаты, доцент **Н. А. Пазылов**

**Ахматова Назира Искандарбековнанын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн «Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин бекемделиши мезгилиндеги саясий – укуктук режим» темасындагы диссертациясына Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, К.Токтомаматов атындагы Эл аралык университети жана Кыргызстан Эл аралык университетинин алдындагы Д.12.20.614 диссертациялык кецешинин эксиерттик комиссиясынын**

## КОРУТУНДУСУ

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, К.Токтомаматов атындагы Эл аралык университети жана Кыргызстан Эл аралык университетинин алдындагы Д.12.20.614 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү юридика илимдеринин доктору, профессор Кулдышева Гулсара Кенжеевна (12.00.01), изденүүчү Ахматова Назира Искандарбекованын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган «Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин бекемделиши мезгилиндеги саясий – укуктук режим» темасындагы кандидаттык диссертациясын карап чыгып, төмөнкү корутундуга келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияны жактоого алуу үчүн берилген укук боюнча эмгектин адистикке дал келүүсү.**

Ахматова Назира Искандарбекованын «Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин бекемделиши мезгилиндеги саясий – укуктук режим» темасындагы көрсөтүлгөн кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине дал келет.

Эмгекте Кыргызстандагы мамлекеттик бийликтин саясий-укуктук режими жана турукталуусу, бекемделүүшү, тактап айтканда, соттор, прокуратура, өзгөчө органдардын саясий-укуктук директивалары жана актылары аркылуу, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдары менен укуктук өз ара аракеттенүү механизминин ишмердүүлүгүнүн теориясы, тарыхы, тажрыйбасынын маңызынын изилденүүсү чагылдырылып, 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

ВХОДЯЩИЙ №: 114
22 11 2021 г.

Диссертациянын максаты каралып жаткан убактагы совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы саясий-укуктук режимдин өнүгүү жана турукталуу концепциясы жана укук коргоо органдарынын ролу азыркы Кыргызстандын саясий системасынын андан нары өнүгүүсүн изилдөө, азыркы бийликтин режимин бекемдөөдө актуалдуу, бул мамлекеттин ичинде жана сыртында болуп жаткан саясий процесстерди терең түшүнүп кароого жана топтолгон тажрыйбадан зарыл сабактарды алып, аларды реформаларды өткөрүүдө пайдаланууга мүмкүнчүлүк берген укуктук аныктоо.

Коюлган максаттар диссертациядагы төмөнкү маселелерди чечүү менен ишке ашкан:

- Мамлекеттик бийликтин, тактап айтканда, укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүн түзүү жана уюштуруу процессин азыркы убактын позициясы менен терең изилдөө, ошол мезгил жөнүндөгү илимий көз караштарды кеңейтет, бийликти бекемдөөдөгү алардын ролун түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет;
- Ар бир системанын жашоосун анын турукталуусунун жана бекемделүүсүнүн режиминде изилдөө зарыл, мындай ыкма бул теманы изилдөөдө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү берди;
- Каралып жаткан маселелерди комплекстүү изилдөө илимий чөйрөгө, мурун жарык көрбөгөн булактарды киргизүүгө, Кыргызстандын укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүнө карата мурунку турукталып калган жоболорду кайрадан жаңы көз караш менен кароого жана ошол позициядан зарыл болгон жалпылоолорду жана жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет;
- Функционирования режими категориясын киргизүү укуктук мамлекетти жана укук коргоо органдарын курууну изилдеп жана андан зарыл болгон саясий-укуктук сабактарды алууга мүмкүнчүлүк берет;
- Кыргызстандагы мамлекеттик аппараттын бөлүктөрүнүн түзүлүүсүнүн жана жашап кетишинин саясий-укуктук, экономикалык, маданий-улуттук шарттары аныкталды, тактап айтканда, саясий-укуктук режимдин бекемделүү убагындагы түзүлгөн укук коргоо органдары;
- Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн негизин түзүүнүн ошол кездеги тарыхый татаал шарттарындагы саясий-укуктук режимдин бөлүгү болгон мыйзамдуулуктун жана укук тартиптин режимин бекемдөөдө сот бийлигинин, прокуратура, милмция жана өзгөчө кырдаалдардагы органдар чоң ролду ойногон, алар азыркы Кыргызстандын саясий жана укуктук системасынын пайдубалын түзгөн;
- Мамлекеттик бийликти бекемдөө убагындагы Кыргызстандын саясий-укуктук режиминин концепциясында, ошол мезгилге мүнөздүү болгон позитивдүү жана негативдүү жактары, процесстер аныкталды, алар контрреволюцияга, басмачылыкка жана башка укук бузууларга каршы кескин укуктук чараларды кабыл алууну негиздеген;
- Каралып жаткан убактагы милиция органдарынын укуктук статусунун негизги параметрлерин жана укуктук режимин аныктоого мүнөздөмө берилген;

- РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз АО түзүлгөндөн кийинки милиция, сот жана прокуратура органдарынын ролу жана мааниси ачылып берилген, бул кыргыз мамлекеттүлүгүнүн турукталуусунун, саясий укуктук режимин бекемдөөнүн татаал шарттарындагы биринчи этабы болгон.

Изилдөөнүн объектиси болуп, алардын диалектикалык өз ара байланыштарынын мүнөздөмөсүн аныктоого багытталган мамлекеттик бийлик органдарынын жана укук коргоо органдарынын өз ара мамилелери, мамлекеттин укуктук саясатын изилдөө болуп эсептелет.

Диссертациялык изилдөөнүн предметин Кыргызстандагы мамлекеттик бийликтин саясий-укуктук режими жана турукталуу, бекемделүү шарттары түзөт, тактап айтканда, соттор, прокуратура, өзгөчө органдардын саясий-укуктук директивалары жана актлары аркылуу, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдары менен укуктук өз ара аракеттенүү механизминин ишмердүүлүгү. Теманы тандап алууда мамлекетти түзүүнүн азиат ыкмасынын өзгөчөлүктөрү менен жетектелдик. Кыргызстан ошол мезгилдеги татаал шарттарда географиялык абалы, экономикасы, улуттук жана психологиялык өзгөчөлүктөрү, диний салттары жана маданияты, каада салттары жана жашоосунун образы жагынан өзгчөлөнгөн аймак болгон. Салттык укукка жана улуттук каадаларга негизделген бул өзгөчөлүктөр жергиликтүү укук чыгарууда колдонулган. Изилдөөнүн алкагы Орто Азия элдеринин өнүгүүсүнүн мезгилдери жөнүндө турукталып калган юристердин ойлоруна негизделген жана кыргызстандагы мамлекеттик аппараттын, тактап айтканда, укук коргоо органдарынын өнүгүү маселесинин окумуштуулар тарабынан канчалык деңгээлде каралганына байланыштуу аныкталды.

Изилдөөнүн методологиясы. Мамлекеттин жана укуктук теориясында тарыхый процесстерди изилдөө методологиясы маселени төмөнкү методдорду колдонуу менен объективдүү, ар тараптуу изилдөөгө багытталган: тарыхый, системалуу, түзүмдүк-функционалдык, салыштырмалуу, конкреттүү-социологиялык, статистикалык ж.б. методдор. Ар бир ыкманы колдонуу, диссертацияда ачылып жаткан изилденүүчү милдеттердин мазмуну жана мүнөзү ошондой эле коомдун өнүгүүсүнүн объективдүү мыйзамдарынын таасири менен шартталган, башкача айтканда, юридикалык илимге жалпы мүнөздүү болгон диалектика методу.

12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигине изилдөөнүн адистигине болгон талаптары туура келет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** эч кандай шек жаратпайт, анткени бүгүнкү мезгилдеги Кыргыз эли укуктук мамлекетти куруунун эркин демократиялык өнүгүү жолун тандап алды. Саясий – укуктук режимди калыптоо укуктук мамлекеттке жетүүнүн жана куруунун механизмине кирет. Укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүндөгү демократиялык режимди бекемдөөнү комплекстүү изилдөө, мамлекеттик аппараттын ошондой эле Кыргызстандын атайын шарттарындагы укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүнүн мурдагы практикасын жана тарыхый

тажрыйбасын эске алуу менен алардын мамлекеттик бийликти бекемдөөдөгү ордун ар тараптуу изилдөө зарылчылдыгы менен байланыш.

Саясий – укуктук режимдин ролун, анын мамлекеттик бийликти калыптоого, турукталуусуна жана өнүгүүсүнө тийгизген түздөн-түз таасирин теориялык изилдөө, кыргыз элинин коомунун жана укуктарынын өзгөчө мүнөздөрүн чагылдырып турат.

Кыргызстандагы мамлекеттик бийликтин турукталуусунун көптөгөн кыйынчылыктары, калктын ар кандай катмарларынын революциянын идеяларынын кабыл алууга даяр болбогону менен түшүндүрүлөт.

Мамлекеттик органдардын турукталуу мезгилиндеги ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салуу саясий – укуктук режимди бекемдөө процессин өзүнө камтыган, ал жерде ылайыктуу ролду юстиция органдары, соттор, соттук тергөөчүлөр, укук коргоочулар, жазаны аткаруу бөлүмдөрү, өзгөчө жана репрессивдүү түзүмдөр – ревтрибуналар, ВЧК-ОГПУ органдары, милиция, прокуратуралар ойногон.

Демек, укук коргоо органдарынын ролун тарыхый планда изилдөө зарыл, ал органдар төмөнкүлөр болуп саналат: юстиция, прокуратура органдары, сот укуктарын ишке ашырган органдар (Жогорку Сот, анын алдындагы Конституциялык палата, жалпы юрисдикция соттору, аскер соттору), ички коопсуздук укук коргоо органдары (ИИМ, ички аскер), тышкы коопсуздук укук коргоо органдары (УКМК), атайын кызматтар (ӨКМ, каржы полициясы, салык инспекциясы, бажы органдары), адвокатура, нотариат, жеке детективдик жана коргоо бөлүктөрү.

**3. Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы** конкреттүү тарыхый шарттарда Кыргызстандын мамлекеттик аппаратынын жана укук коргоо органдарынын турукталуусунун, калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн айрымаланган өзгөчөлүктөрүн, көптөгөн булактарды жана адабияттарды талдоонун негизинде, алгачкы жолу объективдүү чагылдырууга аракет жасалган. Бул иш бул маселени изилдөөдөгү теоретикалык мүнөздөгү биринчи изилдөө болуп саналат, бул жерде мамлекеттик аппараттын анын ичинде укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүнүн саясий-укуктук режимин бекемдөөнүн укук негиздерин жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштар жана корутундулар аныкталган.

Эмгекте жыйындысында мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы илиминин өнүгүүсүнө чоң мааниге ээ болгон төмөнкү илимий-негиздүү теоретикалык жыйынтыктар жасалган.

**1-жыйынтык.**Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы Кыргызстандын аймагындагы саясий-укуктук режимди жана мамлекеттик-укуктук жөнгө салууну бекемдөөдөгү мамлекеттик аппараттын жана укук коргоо органдарынын ролун аныктоо.

**2-жыйынтык.**Мамлекеттин функцияларын ишке ашыруу менен шартталган мамлекеттин ар кандай формаларын жана анын элементтерин изилдөө, мамлекеттик бийликтин укуктук саясий элементин түзүүнүн мамлекеттик укуктук методдорун комплекстүү изилдөө зарылчылыгы.

Укуктук саясатта укук коргоо системасынын бардык милдеттери топтолгон, алар укуктук идеология катары берилет, б.а. укуктук көз караштар, принциптер, коомдун талаптары о.э. ар кандай социалдык топтор. Саясий-укуктук режимди бекемдөөдөгү укук коргоо ишмердүүлүгүнүн ролун түшүнүүнү изилдөө төмөнкү менен аныкталат, мамлекет өзү коомдун саясий системасынын түзүмдүк бөлүгү жана укуктук саясаттын субъектиси катары каралышы керек.

**3-жыйынтык.**Мамлекеттик-укуктук саясатты жана анын саясий-укуктук режимди бекемдөөдөгү ролун талдоо совет бийлиги тарабынан мыйзамды бекемдөө жана укукту коргоо аркылуу камсыз болгон, каралып жаткан мезгилдеги шарттарда чарбалык маселелерди чечүүдө жарандык, эмгек мамилелер чөйрөсүндө мажбурлоо ыкмаларын колдонуу, кылмыш-жаза укугу менен куугунтуктоо, жеке жашоого кийлигишүү жана таптык кызыкчылыктардын үстөмдүк кылуусу менен мүнөздөлгөн.

**4-жыйынтык.**Совет бийлигинин алгачкы жылдарында колдонулган көпчүлүк акттар саясий мүнөздө болгон жана реввоенсоветтердин декреттери, токтомдору, жоболору жана буйруктары деп аталган. Андан кийин жаңы мыйзамдарды иштеп чыгуу юстиция кызматкерлеринин атайын съездеринде ишке ашырылган, анда бул укуктук актыларды кабыл алууда революциялык мыйзамдуулуктун формасы болгон революциялык аң-сезим, революциялык максаттулук менен жетектелишкен.

